Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин доктору, доцент Дунканаев Абдыкалык Токтогуловичтин изденүүчү Супаева Аида Акунбековнанын **“Манас эпосунда ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы жана этимологиясы”** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

# КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши.** А. А. Супаеванын **“Манас” эпосунда ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы жана этимологиясы”** аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Ал эми изилдөө ишинин мазмуну, концептуалдык негизи 10.02.01 – кыргыз тили адистигине толук жооп берет.

**2. Иштин максаты.** “Манас” эпосундагы оорулардын жана аларды айыктырууга байланыштуу аталыштардын лексикалык-семантикалык, функционалдык өзгөчөлүктөрүн, этимологиясын сыпаттап териштирүү жана анын тилдин лексикалык системадагы ордун көрсөтүү болуп саналат.

**Бул максатты аткаруу үчүн төмөнкүдөй конкреттүү милдеттер коюлган:**

1) Жалпы лингвистика, түркология, кыргыз тил илиминде ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу салттуу дарыгерчиликтин аталыштарына арналган эмгектерде берилген илимий-теориялык жоболорду талдоо менен, проблеманын кыргыз тили илиминдеги абалын аныктоо;

2) “Манас” эпосундагы ооруга жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолорду тематикалык топторго бөлүштүрүү менен классификациялоо;

3) Ооруга жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолор жөнүндө буга чейин жарык көргөн жергиликтүү жана чет элдик илимий-теориялык маалыматтар менен таанышуу аркылуу эпостогу аталыштарды этнолингвистикалык системанын бирдиги катары аныктоо;

4) “Манас” эпосундагы ооруга жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолорго лингвистикалык өңүттө структуралык, функционалдык-семантикалык жана этимологиялык анализ жүргүзүү;

...УНИВЕРСИТЕТ
Входящий № 10-24-39
14 05 2025

5) Эпосто ооруга жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолордун этнолингвистикалык табиятын конкреттүү факты-материалдардын негизинде чечмелеп берүүгө аракеттенүү;

**3. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин салттуу билимдеринин табиятына жана алардын эл арасына тарап колдонулушуна байланышкан маселелерге акыркы убактарда гана көңүл бурулуп, алар философиялык, тарыхый-этнографиялык, медициналык, этнопедагогикалык өңүттөн карала баштады. Элдин салттуу билимдери, аны күнүмдүк жашоодо колдонуу жөнүндөгү маалымат, ооздон-оозго, бир муундан экинчи муунга өтүп отурган. Мындай маалымат кыргыз элинин руханий-маданий дөөлөтүнүн булагы болгон “Манас” эпосунун ар кыл варианттарындагы материалдарында кеңири берилген, андагы атайын атоо сөз бирдиктери, терминологиялык системасы да калыптанган. Бирок бул маселе лингвистикалык өңүттө илимий иликтөөгө алынып, ал тилдик бирдиктердин функционалдык-семантикалык, структуралык, этимологиялык табияты аныктала элек эле. Ушул өңүттөн алганда, элдик салттуу билимдердин бир багыты катары оору жана аны дарылоого байланыштуу дарылардын, аспап-куралдардын аталыштарын, терминологиялык системасын тилдик аспектиден талдап, алардын структурасын, функционалдык – семантикалык өзгөчөлүктөрүн, этимологиялык тарыхый семантикасын бир гана манасчынын эмес, эки башка мамлекеттин аймагында жаралган улуу үч залкар манасчынын варианттарындагы материалдын негизинде талдоо жүргүзүү теманын актуалдуулугун жана иллюстративдик материалдын ишенимдүүлүгүн көрсөтөт деп белгиленет.

**4. Илимий жыйынтыктары.**

**4.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.**

Диссертациялык иште илимий медицина жаралганга чейин эле жалпы эл арасында дарыгерчилик маселеси, ал салттуу билим түшүнүгү катары каралары эске алынат. Кыргыздын салттуу билими – жашоо-тиричиликтеги көйгөйлөрдү чечүү үчүн, байыртадан колдонулуп келген турмуштук тааным, турмуштук тажрыйба, турмуштук-жашоо ыкмаларынан келип чыккан өзүнчө бир жыйналган, топтолгон система. Салттуу билим өз ичине бир топ маселелерди камтып турат. Алар диссертациялык иште табияттын кубулуштарына байкоо жүргүзүү аркылуу түзүлгөн элдик календарлар, күн, ай, жылдыздарга карата жүргүзүлгөн эсепчилик, элдик дарыгерчилик ж. б. көптөгөн турмуштук байкоолордон калыптанган салттуу билимдер катары каралат жана булар илимий изилдөөлөр үчүн булак болуп саналат.

Диссертант изилдөө ишинин теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминдеги, түркологиядагы, кыргыз тили илиминдеги изилдениш абалына токтолуу менен катар, “Манас” эпосундагы оорулардын жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын лексика-семантикалык топтору жана алардын структуралык-семантикалык этимологиясы маселесин териштирүүгө алат. Мында негизи «Манас» эпосундагы аял ооруларынын, жугуштуу оорулардын. фармакологиялык, ортопедиялык. диетологиялык, ырым-жырымдык дарылоо, физиологиялык, токсикологиялык. хирургиялык түшүнүктөгү жана дарылоодогу аспап-шаймандардын аталыштарын билдирген лексика-семантикалык топ, алардын структуралык-семантикалык этимологиясы териштирүүгө алынат. Кыргыз тил илиминде биринчи жолу ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштар “Манас” эпосун улуу үч манасчы айткан варианттарынын материалдарынын мисалында этнолингвистикалык багытта каралып, түрк тилдүү элдерде колдонулган тилдик бай факт-материалдар, илимий-теориялык адабияттар, изилдөөлөр, көз караштар негизге алынган. Натыйжада “Манас” эпосунда кездешкен ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын структуралык, семантикалык жана этимологиялык табияты алгачкылардан болуп иликтөөгө алынат. Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары тектеш түрк элдеринин тилин, маданиятын салыштырууга толук мүмкүнчүлүк беререринде шек жок. Илимий иштин жыйынтыктарын лексикология, этнолингвистика, этнография, педагогика, “Манас” таануу курстарында лекциялык, практикалык сабактарда жана ушул багыттар боюнча методикалык китептерди, окуу куралдарын даярдоодо материал катарында пайдалануудан сырткары, аны практикалык медицинада колдонууга да мүмкүн. Иштеги негизги базалык түшүнүк-категориялар, дарылоого байланыштуу аталыштар, алардын структуралык-семантикалык, этимологиялык принциптери, конкреттүү тилдик иллюстрациялары зарылдык катары белгиленет. Жыйынтыгында иште тил илимдеринин өнүгүшү үчүн кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий жаңы теориялык натыйжалар алынган:

**1-натыйжа. Жаңы.** Тил илиминде буга чейин эле коюлган маселелер илимий обьект катары ар кандай аспектилерден, багыттардан, өңүттөрдөн изилдөөгө алынып келет. Алар иштин максатына жетүүдөгү пайдаланылуучу багыттар жана даяр материалдар болуп саналат. Ошондой болсо да, диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилишин жаңы деп баалоого болот. (1.1., 1.2., 2.1.).

**2-натыйжа. Жаңы.** Жалпы тил илиминде дарыгерчиликке, ооруга байланыштуу аталыштар, алардын семантикасы, структурасы, этимологиясы

боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий эмгектер жаралган. Иште ал эмгектердин көпчүлүгү коюлган маселени ишке ашыруу үчүн илимий-методологиялык негиз катары алынган. Алардын маани-маңызына, оош-кыйыштарына сереп салынып, кошумча ой-пикирлер билдирилип, так талдоолор жүргүзүлөт. Иштин максат-талаптарына ылайык, изилдөөнүн иллюстративдик материалдары, булактары, обьектиси, предмети, методдору аныкталып көрсөтүлөт. ( 2.2., 2.3., 2.4.. 2.5.).

**3-натыйжа. Жаңы.** Кыргыз элинин салттуу билимдери, анын ичинде дарыгерчилик тил илиминен сырткары тарых, этнография, педагогика, антропология, фольклористика, медицина, ветеринария тармактарында да каралып келгендиги конкреттүү белгиленет. Элдик дарыгерчилик боюнча аталыштар тилдик каражат катары кыргыз тилинин базалык лексикасына кирип, алардын айрымдары азыркы учурда активдүү тилдик каражаттар катары колдонулса, кээ бирлеринин колдонуудан чыгып калгандыгы "Манас" эпосунун материалдарынын негизинде териштирилет. Буларга карата эпостогу дарыгерчиликке байланыштуу көптөгөн мисалдарды талдоого алууга аракеттер жүргүзүлөт. (3-бап).

**4-натыйжа. Жарым-жартылай жаңы.** Иште диссертант сөздүн структурасы. семантикасы жана этимология маселесине өзүнчө токтолот. Мында аларга карата так мүнөздөмөлөрдү берүүгө аракеттер жасалат. Натыйжада семантика. семантикалык талаа жөнүндө түшүнүк; сөздүн структурасы, сөзгө структуралык анализ жүргүзүү; этимология жана анын табияты, этимология жөнүндө жалпы маалымат, этимологиянын башка илимдер менен болгон байланышы өңдүү маселелерге атайын токтолот. Арийне, тил илиминде бул маселелер мурдатан эле такталып келгендигине байланыштуу, аларды белгилүү деңгээлде кайталоолор орун алган. Олуттуу жаңылыкты киргизе албаса да, айрым бир жекече көз караштары бар экендигин белгилебей коюуга болбойт. (2.2., 2.3., 2.4., 2.5.).

**5-натыйжа. Жаңы**. Изилдөөдө "Манас" эпосунда кездешкен оорулардын жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолордун структуралык-семантикалык этимологиясы маселесине өзгөчө көңүл бурулат. Ушундан улам, "Манас" эпосунда кездешкен оору аталыштарын жана аларды айыктыруу ыкмаларынын аталыштарын этимологиялык аспектиде талдоого алып, структуралык-семантикалык жактан 11 топко бөлүп караган. Чынында, кыргыз тили илиминде буга чейин "Манас" эпосундагы оору аталыштарына лингвистикалык өңүттө анализ жасала электиги анык. (3-бап).

**6-натыйжа. Жаңы.** "Манас" эпосунда кездешкен оорулар жана аларды айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы,

этимологиясы маселеси иштин өзөгүн түзүп тургандыктан, андагы аял ооруларынын, жугуштуу оорулардын, фармакологиялык, ортопедиялык, диетологиялык, ырым-жырымдык дарылоо, физиологиялык, токсикологиялык, хирургиялык ж. б. түшүнүктөрдөгү аталыштар деп классификацияланат. Алар эпостогу конкреттүү факт-материалдардын мисалында структуралык-семантикалык, этимологиялык жактан сыппатталып териштирүүгө алынат. (3.1.1. – 3.1.9.).

**7-натыйжа. Жаңы.** Изилдөө ишинде "Манас" эпосунда дарылоого байланыштуу колдонулган аспап-шаймандардын аталыштарын билдирген лексика-семантикалык топ жана элдик дарыгерчиликке байланышкан кесиптик лексика деп да бөлүштүрүлөт, алардын да структуралык-семантикалык этимологиясы аныкталат. (3. 2. 1., 3.2.2.).

**4.2. Диссертациялык иштин мазмунунан чыгарылган ар бир илимий натыйжанын негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа ынанымдуу.**

Тил илиминде буга чейин эле коюлган маселелер илимий обьект катары ар кандай аспектилерден, багыттардан, өңүттөрдөн изилдөөгө алынып келет. Алар иштин максатына жетүүдөгү пайдаланылуучу багыттар жана даяр материалдар болуп саналат. Ошондой болсо да, диссертанттын коюлган маселеге карата жекече көз караштагы илимий-теориялык ойлорунун билдирилишин ынанымдуу деп баалоого болот. (1.1., 1.2., 2.1.).

**2-натыйжа негиздүү.**

Жалпы тил илиминде дарыгерчиликке, ооруга байланыштуу аталыштар, алардын семантикасы, структурасы, этимологиясы боюнча кыйла изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир катар илимий эмгектер жаралган. Иште ал эмгектердин көпчүлүгү коюлган маселени ишке ашыруу үчүн илимий-методологиялык негиз катары алынган. Алардын маани-маңызына, оош-кыйыштарына сереп салынып, кошумча ой-пикирлер билдирилип, так талдоолор жүргүзүлөт. Иштин максат-талаптарына ылайык, темага тиешелүү илимий эмгектерге карата диссертанттын көз караштарынын билдирилиши, изилдөөнүн иллюстративдик материалдарынын, булактарынын, обьектисинин, предметинин, методдорунун аныкталып көрсөтүлүшү негиздүү. ( 2.2., 2.3., 2.4.. 2.5.).

**3-натыйжа ишенимдүү.**

Кыргыз элинин салттуу билимдери, анын ичинде дарыгерчилик тил илиминен сырткары тарых, этнография, педагогика, антропология, фольклористика, медицина, ветеринария тармактарында да каралып келгендиги конкреттүү белгиленет. Элдик дарыгерчилик боюнча аталыштар тилдик каражат катары кыргыз тилинин базалык лексикасына кирип,

алардын айрымдары азыркы учурда активдүү тилдик каражаттар катары колдонулса, кээ бирлеринин колдонуудан чыгып калгандыгы “Манас” эпосунун материалдарынын негизинде териштирилет. Буларга карата эпостогу дарыгерчиликке байланыштуу көптөгөн мисалдарды талдоого алуусу ишенимдүү. (3-бап).

**4-натыйжа жалпысынан негиздүү.**

Иште диссертант сөздүн структурасы. семантикасы жана этимология маселесине өзүнчө токтолот. Мында аларга карата так мүнөздөмөлөрдү берүүгө аракеттер жасалат. Натыйжада семантика. семантикалык талаа жөнүндө түшүнүк; сөздүн структурасы, сөзгө структуралык анализ жүргүзүү; этимология жана анын табияты, этимология жөнүндө жалпы маалымат, этимологиянын башка илимдер менен болгон байланышы өндүү маселелерге атайын токтолот. Арийне, тил илиминде бул маселелер мурдатан эле такталып келгендигине байланыштуу, аларды белгилүү деңгээлде кайталоолор орун алган. Олуттуу жаңылыкты киргизе албаса да, айрым бир жекече көз караштары бар экендигин белгилебей коюуга болбойт. Ушул жагын эсепке алганда негиздүү. (2.2., 2.3., 2.4., 2.5.).

**5-натыйжа да негиздүү.**

Изилдөөдө “Манас” эпосунда кездешкен оорулардын жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолордун структуралык-семантикалык этимологиясы маселесине өзгөчө көңүл бурулат. Ушундан улам, “Манас” эпосунда кездешкен оору аталыштарын жана аларды айыктыруу ыкмаларынын аталыштарын этимологиялык аспектиде талдоого алып, структуралык-семантикалык жактан 11 топко бөлүп караган. Чынында, кыргыз тили илиминде буга чейин “Манас” эпосундагы оору аталыштарына лингвистикалык өңүттө анализ жасала электиги анык жана муну иш жүзүнө ашырууга карата жасалган аракеттер орчундуу. (3-бап).

**6-натыйжа ишенимдүү.**

“Манас” эпосунда кездешкен оорулар жана аларды айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы, этимологиясы маселеси иштин өзөгүн түзүп тургандыктан, андагы аял ооруларынын, жугуштуу оорулардын, фармакологиялык, ортопедиялык, диетологиялык, ырым-жырымдык дарылоо, физиологиялык, токсикологиялык, хирургиялык ж. б. түшүнүктөрдөгү аталыштар деп классификацияланат. Алар эпостогу конкреттүү факт-материалдардын мисалында структуралык-семантикалык, этимологиялык жактан сыпатталып териштирүүгө алынышы ишенимдүү. (3.1.1. – 3.1.9.).

**7-натыйжа негиздүү.**

Изилдөө ишинде “Манас” эпосунда дарылоого байланыштуу колдонулган аспап-шаймандардын аталыштарын билдирген лексика-семантикалык топ жана элдик дарыгерчиликке байланышкан кесиптик лексика деп да бөлүштүрүлүшү, алардын да структуралык-семантикалык этимологиясынын жекече көз караште аныкталышы негиздүү. (3. 2. 1., 3.2.2.).

**4.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

Кыргыз тили илиминде “Манас” эпосунда кездешкен оорулардын жана аларды айыктырууга байланыштуу аталыштардын лингвистикалык өңүттө изилдениш маселелери атайын изилдөөнүн обьектиси катары алгачкылардан болуп колго алынып отурат. Диссертациялык иштин илимий натыйжалары “Манас” эпосунда камтылган баалуу материалдарды аныктоого жана ар түрдүү багыттардагы керектүү илимий эмгектерди, окуу куралдарын жаратууга, натыйжалуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачат.

**1-натыйжа.** Коюлган маселеден алынган жыйынтыктар бул багыттагы илимий эмгектерди талдап үйрөнүүгө, теориялык ойлорду байытууга, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачат. (1-бап).

**2-натыйжа.** “Манас” эпосун лингвистикалык өңүттө изилдөөнүн илимий-методологиялык негизи, методдору, обьект-предмети, изилдөө принциптери, ролу, кызматы ачыкталат, алардын башка тилдик каражаттар менен байланыштуулугу, окошоштугу жана айырмачылыгы белгиленет. (2-бап).

**3-натыйжа.** Элдик билим берүү салттары, анын ичинде дарыгерчиликке байланыштуу оору аталыштары тил илими багытында гана иликтенбестен, башка илим багыттарында да изилденип келгендиги белгиленет жана аларга карата жекече көз караште баа берилет. (1-2-бап).

**4-натыйжа.**

Иште диссертант сөздүн структурасы. семантикасы жана этимология маселесине өзүнчө токтолот. Мында аларга карата так мүнөздөмөлөрдү берүүгө аракеттер жасалат. Натыйжада семантика. семантикалык талаа жөнүндө түшүнүк; сөздүн структурасы, сөзгө структуралык анализ жүргүзүү; этимология жана анын табияты, этимология жөнүндө жалпы маалымат, этимологиянын башка илимдер менен болгон байланышы өңдүү маселелерге атайын токтолот. Арийне, тил илиминде бул маселелер мурдатан эле такталып келгендигине байланыштуу, аларды белгилүү деңгээлде кайталоолор орун алган. Олуттуу жаңылыкты киргизе албаса да, айрым бир жекече көз караштары бар экендигин белгилебей коюуга болбойт. (2.2., 2.3., 2.4., 2.5.).

**5-натыйжа.**

Изилдөөдө “Манас” эпосунда кездешкен оорулардын жана аларды айыктырууга байланыштуу атоолордун структуралык-семантикалык этимологиясы маселесине өзгөчө көңүл бурулуп, аларды этимологиялык аспектиде талдоого алып, структуралык-семантикалык жактан 11 топко бөлүп карайт. Чынында, кыргыз тили илиминде буга чейин “Манас” эпосундагы оору аталыштарына лингвистикалык өңүттө анализ жасала электигин эске алуу менен аны бул изилдөөнүн стратегиялык максаты катары кароого болот. (3-бап).

**6-натыйжа.**

“Манас” эпосунда кездешкен оорулар жана аларды айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы, этимологиясы маселеси иштин өзөгүн түзүп тургандыктан, андагы аял ооруларынын, жугуштуу оорулардын, фармакологиялык, ортопедиялык, диетологиялык, ырым-жырымдык дарылоо, физиологиялык, токсикологиялык, хирургиялык ж. б. түшүнүктөрдөгү аталыштар деп классификацияланат. (3.1.1. – 3.1.9.).

**7-натыйжа.**

Изилдөө ишинде “Манас” эпосунда дарылоого байланыштуу колдонулган аспап-шаймандардын аталыштарын билдирген лексика-семантикалык топ жана элдик дарыгерчиликке байланышкан кесиптик лексика деп да бөлүштүрүлөт, алардын да структуралык-семантикалык этимологиясынын жекече көз караштa аныкталышы негиздүү жана алар ынанымдуу факт-материалдар менен бекемделет. (3.2.1., 3.2.2.).

**5. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

*1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү:*

1.1. Илимий чөйрөсүнө жана темасына жараша илимий жактан жаңы негизделген техникалык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

*2. Диссертациянын жыйынтык жаңылыктарынын деңгээли.*

2.1. Жыйынтыктарынын дээрлик бардыгы жаңы деп эсептелет.

*3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу.*

3.2. Жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же мекеменин тематикалык планына кирет.

*5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли.*

5.3. Тармактын масштабында

*6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар.*

6.1. Кеңири пайдаланууну талап кылат.

**6. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

- "Манас" эпосу турмуштук жагдай-шарттарды, өнүгүп-өзгөрүүлөрдү, ааламды, жаратылышты, байланыш-катыш мамилелерди көркөм ойлоонун шартында чагылдыруучу элдик оозеки чыгармалардын бир түрү.

- "Манас" эпосунун тили маанилүү ролду ойнойт, ойду көркөм, образдуу, таасирдүү берүүдөгү негизги курал – анын тили. Мындай шартта, жалпы эле эпос тили өзүнө гана таандык өзгөчө функцияга ээ болот.

- Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары тектеш түрк элдеринин тилин, маданиятын салыштырууга мүмкүнчүлүк берет. Илимий иштин жыйынтыктарын лексикология, этнолингвистика, этнография, педагогика, "Манас" таануу курстарында лекциялык, практикалык сабактарда жана ушул багыттар боюнча окуу методикалык китептерин, пособиелерди даярдоодо материал катарында пайдаланууда таяныч болот, ошол эле учурда аны практикалык медицинада колдонууга да мүмкүн.

Диссертациянын негизги илимий жоболору, андагы көтөрүлгөн маселелер керектүү илимий эмгектерди, окуу куралдарын жаратууга, натыйжалуу иликтөөлөрдү жүргүзүүгө жол ачат:

1. Кыргыз элинин салттуу билимине тиешелүү маселелерди тилдик өңүттө изилдөө этнолингвистикалык материал катары этнология менен тыгыз карым-катышта жүргүзүлүшү керек жана кыргыз тили илиминин этимология багыты тармактык жана тармактар аралык аспектиде кенен изилдениши этнолингвистика тармагы үчүн өтө маанилүү илимий маселе деп эсептөөгө болот.

2. Ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу салттуу билимде колдонулган аталыштар таза лингвистикалык структуралык, семантикалык бирдик катары элдин тааным (познание) мүмкүнчүлүгүн анын тарыхый этнографиясы менен биримдикте кароого мүмкүнчүлүк берет;

3. "Манас" эпосундагы элдик дарыгерчиликке байланыштуу аталыштар –белгилүү бир семантикалык милдет аткаруу менен, кыргыз салттуу билиминдеги тилдик байыркы катмарды түзөт, тилдин тарыхый лексикологиясы, грамматикасы үчүн материал болот.

4. Кыргыз элинин салттуу билимдерин тармактык багыттар боюнча терең изилдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу этнолингвистика багытын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**7. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана кортундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Диссертанттын бул багытта 8 макаласы жарык көргөн.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


**1. Супаева А. А.** “Манас” эпосундагы оору аталыштары жана алардын лексика-семантикалык, тематикалык топтору [Текст] / А.А.Супаева // “Ala Too Academic Studies” -2022. №4. 230-236-бб. https: //www. elibrary. ru/item. asp?id=50277632

**2. Супаева А. А.** “Манас” эпосунда кезиккен аял ооруларынын аталыштарына лингвистикалык анализ [Текст] / А. А.Супаева // “Ala Too Academic Studies” -2023. №2. 356-364-бб.
https://www.elibrary. ru/item.asp? id=75176214

**3. Супаева А. А.** “Манас” эпосундагы элдик хирургиялык ыкмалардын жана колдонулуучу аспаптардын аталыштарына этимологиялык анализ [Текст] / А. А. Супаева // ESSA II. International Eurasian Social Sciences and Arts Symposium 25-26 March, 2023 229-236-бб. https://essasymposium.org

**4. Супаева А. А.** Кыргыз элинин салттуу дарыгерчилиги [Текст] / А. А. Супаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана -2023. №9. -С. 363-366. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54151678

**5. Супаева А. А.** “Манас” эпосундагы диетологиялык топ аталышындагы түшүнүктөрдүн лексикалык-семантикалык тобу жана алардын этимологиясы [Текст]/ А. А. Супаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2023. №9. –С. 367-369. https://www. elibrary.ru /item.asp?id = 65668386

**6. Супаева А. А.** “Манас” эпосундагы жугуштуу оору аталыштарынын семантикалык жана этимологиялык өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.А. Супаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. -2024. №1.–С.376-379. https://www. elibrary.ru /item.asp?id=69230835

**7. Супаева А. А.** “Манас” эпосунда кыргыз элдик фармакологиясын туюндурган аталыштардын этимологиясы [Текст] / А. А. Супаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. -2024. №1. –С.380-384. https://elibrary.ru /item.asp?id=69230836

**8. Супаева А. А.** Ж. Мамайдын варианты боюнча “Манас” эпосундагы элдик дарыгерчилик [Текст] / А. А. Супаева // “Alatoo Academic Studies” - 2024. №3. -С. 230-236. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=75176214


**8. Автрефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

1. Афтореферат толугу менен диссертациянынын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн

изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Автореферattын кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

*9. Диссертациялык эмгекте учураган айрым мүчүлүштүктөр:*

1. Теманын актуалдуулугунда элдик салттуу билимдердин маани-маңызына көңүл бурулуп, алар ар кыл илим багыттарынан изилдене баштагандыгы; "Манас" эпосунда кездешкен оору жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасынын, функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн, этимологиясынын изилденип жатышы туура белгиленген. Ошондой болсо да, "Манас" эпосундагы табыпчылык, эмдөөчүлүк, тамырчылык, сыныкчылык ж. б. байланыштуу маселелердин көтөрүлүшү да учурдагы актуалдуулук болуп саналары кошумчаланса дурус болмок. Анткени, иштин жалпы мазмуну дал ушул маселелерди козгоп турат.

2. II бап **"Изилдөөнүн материалдары жана методдору"** деп аталат. Ал өз ичине беш бөлүм дү (параграфты) камтып турат: 2.1., 2.2., 2.2.3., 2.2.4., 2.2.5. Көрүнүп тургандай, номерлердин коюлушу туура эмес. Мындагы төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөрдү жоюу зарылдыгы бар:

1) 2-баптын аталышы менен 2.1дин темасынын аталышы айырмасыз бирдей, демек, 2-баптагы маселе 2.1 менен бүтүшү керек деген ой жаралат.

2) Иштин мазмунундагы 2-бапка коюлган номерлер менен иштин ичиндеги 2-бапка коюлган номерлер дал келбейт.

3) Мазмундагы 3-баптын аталышы менен иштин ичиндеги 3-баптын аталышы да өз ара дал келбейт.

4) 13-беттеги 1.2си **"Кыргыз салттуу билими жана анын түрлөрү" деп аталат,** ал эми, 2-бапка тешелүү 52- беттеги **"Семантика, семантикалык талаа жөнүндө кыскача түшүнүк"** деген темага да ушул 1.2. номери коюлган.

3. Диссертациялык иштин 3-бабындагы эпосто кездешкен оору жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын көпчүлүгү этимологиялык негизде жетишерлик деңгээлде аныкталбай калгандай.

4. Диссертант изилдөөнүн илимий жаңылыгын айтып келип, **"... түрк тилдүү элдерде колдонулган тилдик бай факт-материалдар, илимий-теориялык адабияттар, изилдөөлөр, көз караштар кеңири талкууланды"** (5-б.) – деп белгилейт. Иш жазылып, аткарылып жатканда кеңири талкууланбайт. Мында кеңири **талдоого** алынды десе туура болчудай.

5. Иш кыргыз тилинде, болгондо да, кыргыз тили илиминин маселелерин козгоп жазылып жаткан соң, андагы орфографиялык, стилистикалык каталарга жол берилбеши керек. Көзгө дароо урунган: кылыптанган эмес, калыптанган, бир эмес, бул (3), георгафиялык –

географиялык (21), изилдилдөө – изилдөө (50), тармаккка – тармакка (53), компонеттери – компоненттери (59), сыяктуу көптөгөн техникалык каталар бар. Мындан сырткары, бир катар стилистикалык каталар да учурайт.

Албетте, бул көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациялык иштин жалпы мазмунун жокко чыгара албайт.

10. **Жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттерди бекитүү боюнча сунуштун негизделиши.**

***Жетектөөчү мекеме***: Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы. Дареги: 715600, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 57.

***Расмий оппоненттер***:

**Дунканаев Абдыкалык Токтогулович** – филология илимдеринин доктору, доцент, К. Тыныстанов атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессорунун м.а.

***Эмгектери***:

1. Кыргыз эл табышмактарынын синтаксистик-семантикалык түзүлүшү. -Бишкек: “Бийиктик”, 2004;

2. Кыргыз эл макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. -Каракол: ЫМУ, 2010;

3. Кыргыз тил илиминдеги жаңы багыт башаты" (Академик С. Ж. Мусаевдин айрым изилдөөлөрү боюнча // Наука и новые технологии. -2023. -№12;

4. Сүйлөмдүн семантикалык-структуралык маселесине карата. -Бишкек: Ж.Баласагын атындагы университетинин жарчысы, 2015;

**Расулова Мээрим Мелисовна** – филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., КРнын Башкы Прокуратурасынын Юридикалык академиясынын коомдук-гуманитардык жана табигый илимдер кафедрасынын башчысы:

Эмгектери:

1. Көркөм тексттеги талаш-тартыш диалогунун семантикасы // Языки в лингвоэтнокультурном пространстве Кыргызстана. Материалы научно-практической конференции, посвященной 70-летию со дня рождения доктора филологических наук, профессора К. З. Зулпукарова. Ош, 2017, 140-146.

2. Способы экспликации оценки в диалогических структурах художественных произведений // Вестник Воронежского государственного университета. 2018, № 2.

3. Көркөм тексттеги диалогдук биримдик // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017, №10, 218-222.

**11. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча жобосуна дал келиши.**

А. А.Супаеванын **“Манас” эпосунда ооруга жана аны айыктырууга байланыштуу аталыштардын структурасы, семантикасы жана этимологиясы”** аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук (кандидаттык) диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет.

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешке 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча кабыл алууга сунушталат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү, филология
илимдеринин доктору, доцент **А.Т. Дунканаев**

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн
колун тастыктайм:
Окумуштуу катчы, филология илимдеринин
кандидаты, доцент **С.К. Каратаева**

КБнын башчысы **А. Жайнакова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ